**Стратегия-бул коюлган максаттарга жетүү үчүн мектептин өз ишмердүүлүгүнө жетекчиликке алынган чечимдерин аткаруу үчүн коюлган принциптердин планы. Стратегиялык пландаштыруу-мектептин узак мөөнөттүү максаттарга жетиш үчүн эффективдүү иштөөнү аныктоодогу ишмердүүлүк**

| Окуу жылдары | Стратегиялык план |
|---|---|
| 2019-2020-окуу жылы үчүн | Мамлекеттик окуу пландоонун программасына ылайык 1-11-класстарда Базистик окуу планынын негизинде окутулуп,билим сапаты жогорку көрсөткүчтө болуусу. Мектепте даярдоо программаларын жана мамлекеттик, предметтик стандарттарды ишке ашыруу үчүн курстарга, тренингтерге катышуу |
| 2020-2021-окуу жылы үчүн | Мамлекеттик окуу программасында негизинде мектептин ОТЖПсы түзүлүп,ар бир мугалим баалоонун, окутуунун усулдары боюнча иштеп,алга жылуулардын болуусу. Усулдар боюнча ишмердүүлүктүн натыйжаларын баалоодо ар бир мугалим портфолио,окуучунун иши боюнча документтерди көрсөтүшү,тастыкташы. Мектеп жетекчилиги,лидерлер мугалимдин денгээлин аныкташы. Жамааттык бала бакча билим сапатын көтөрүүгө өбөлгө түзүүсү. Окуучуларга кошумча квалификациялык билим берүү жана окутууда интернет булактарын колдонуу шартын түзүү. Окутуу-тажрыйба участогун уюштуруу менен 1-4-класстын окуучуларнын ысык тамак ичүүсүнө жер-жемиштер менен аз да болсо көмөк көрсөтүү. Мектептин материалдык техникалык базасын чыңдоо |

Сканировано с CamScanner

| | |
|---|---|
| | үчүн көмөкчү чарбаны өркүндөтүү. Түшкөн пайданы айыл жергесиндеги ийрим иштерине жана класстан тышкаркы иштерге жумшоо менен окуучулардын илимий техникалык көз карашын калыптандыруу. |
| **2021-2022-окуу жылы үчүн** | Мектептеги тажрыйбалуу мугалимдер «Алдыңкы иш тажрыйба жамаатка» деген ураандын астында иш тажрыйбасын жайылтып, эмгектениши. Мектептин ОТЖПнын негизинде ар бир УБ жана мугалим өткөн окуу планына SWOT анализ жасашы,окуучунун билим сапатын 2016-2020-окуу жылына чейин 3,1%мектеп боюнча көтөрүүнүн аракетинде иштөөсү. Мектеп аныктоолорду жүргүзүүдөн кайсы сабактан? Эмне үчүн төмөнбүз? деген суроолордун үстүндө иштеши. Мугалимдер квалификациясын жогорулатуу үчүн курстарга,семинар-тренингдерге катышышы. Алган билимин ОТЖПнын милдеттерин аткаруу үчүн пайдаланышы.<br>Ушул жылдарда мектеп-ата-эне-коомчулук бирдиктүүлүгүн чыңдоо жагынын жогорулашы. |
| **2022-2023-окуу жылы үчүн** | Мектеп куррикулумун жаңы шарттарга ылайык атайын түзүлгөн же эксперименталдык аянтчалар аркылуу пландаштыруу.ОТЖПнын негизинде УБ жана мугалимдер SWOT анализ жазышы,билим сапатын 3% га көтөрүү аракети менениш жүргүзүлүшү. Ар бир сабактын өтүлүшүнө анализ жасоодон,себебин табуу аркылуу билим сапатынын өсүшүнө жетишүү.<br>Мугалимдер үзгүлтүксүз квалификациясын жогорулатуу үчүн курстарга,семинар-тренингдерге катышышы.<br>Эмгек паспортун толтуруу менен УБ иш аракетинин натыйжалуулугун өркүндөтүүгө жетишүү. ОТЖПнын негизинде бардык сабактардан өсүшүнө мониторинг жүргүзүү .<br>Мектептин материалдык техникалык базасын чыңдоо үчүн көмөкчү чарбаны өркүндөтүү. Түшкөн пайданы айыл жергесиндеги ийрим иштерине жана класстан тышкаркы иштерге жумшоо менен окуучулардын илимий техникалык көз карашын калыптандыруу. |

Сканировано с CamScanner